КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
АК-СУУ РАЙОНУ

ХАН-ТЕНИРИ АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
АК-СУЙСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ
АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА
ХАН-ТЕНИРИ

Хан-Тенири айыл аймагынын жергиликтүү кенешинин 1-чакырылышынын кезектеги 9- сессиясы

# ТОКТОМ

**2025-жылдын 12-июнь** **№ 49** **Ново-Вознесеновка айылы**

**Ново-Вознесеновка айылындагы муниципалдык менчиктеги мурдагы заправканын ордун 5150,0 чарчы метр жер тилкесин ижарага берүүгө макулдук берүү жөнүндө**

Айыл аймактагы муниципалдык менчиктеги жер тилкелерин эффективдүү пайдалануу жана жергиликтүү бюджетке кошумча киреше булактарын табуу үчүн Ново-Вознесеновка айылынын күн чыгыш тарабында 379-контурда жайгашкан мурдагы заправканын ордун 5150,0 чарчы метр (Код Ени 2-01-15-0005-0257) жер тилкесин ижарага берүүгө макулдук берүү жөнүндөгү айыл өкмөтүнүн башчысы С.Баракановдун кайрылуусун карап жана талкуулап Кыргыз Республикасынын Жер Кодексинин 18, 32 - беренелерине ылайык жергиликтүү кенеши **токтом кылат :**

1. Хан-Тенири айыл аймагына караштуу Ново-Вознесеновка айылынын күн чыгыш тарабында 379-контурда жайгашкан мурдагы заправканын ордун 5150,0 чарчы метр (Код Ени 2-01-15-0005-0257) жер тилкесин ижарага берүүгө макулдук берилсин.
2. Муниципалдык менчиктеги жер тилкелерин ижарага берүүгө байланышкан иштерди жүргүзүү Хан-Тенири айыл өкмөтүнүн башчысы С.Баракановго милдеттендирилсин.
3. Токтом ММКга жарыялансын жана басылып чыккан күнү юстиция органына Мамлекеттик реестрге киргизүү үчүн жиберилсин.
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жер, айыл чарбасы, жайыт, курулуш, архитектура жана экология боюнча туруктуу комиссияга жана токтомду аткарууга алуу айыл өкмөтүнүн башчысы С.Баракановго жүктөлсүн.

**Төрага** **Т.Узаков**